КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ*
*ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«23» август 2023-жыл. №17/3 Жар-Кыштак айылы.*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XVII СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

## Ырыс айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүн 6 айлык аткарылышы боюнча ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн, айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 17.08.2023-жылдагы №11 протоколун талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.08.2017-жылдагы №490 "Кыргыз Республикасынын Өкмүтүнүн 2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башка пландарын иштеп чыгуу боюнча программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык жана жогорудагы токтомдун негизинде айцыл өкмүтүнүн картасын түзүү үчүн максаттуу трансферттен берилген **1510,3** миң сом акча каражаты комуналдык чарба бөлүмү (70629) "дагы башка кызмат көрсөтүүнүн алуу" беренесине (ст.2215) жумшалсын.

2. Республикалык бюджеттен жер салыгын компенсация эсебинен келген **357,0** миң сом акча каражаты (70629) коммуналдык чарба бөлүмүн "мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренесине (ст.2221) жумшалсын.

3. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябырындагы №125 санду "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесинин 8-пунктуна ылайык, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин социалдык-тиричилик маселелерин чечүү үчүн социалдык муктаждыктарына карата кышка даярдыгына отун-көмүр менен камсыз кылуу максатында бош орундар эсебинен үнөмдөлгөн акча каражатынан ар бир муниципалдык кызматчыга бир окладка чейинки өлчөмдө акча каражаты ажыратылсын.

4. Улуу Ата Мекендик согуштун ардегери Ашуров Тешабайдын 100 жылдык юбилейин өткөрүүгө материалдык колдоо көрсөтүү максатында жергиликтүү бюджет эсебинен 70000 сом акча каражаты ажыратылсын

5. Бюджеттик кирешелерге жана чыгашаларга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

6. Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысын милдетин убактылуу аткаручусу А.Эргашевке жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго милдеттендирилсин.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке милдеттендирилсин.

8. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш. М. Кадиркулов.**